Археология

# «Асман аттарынын» Өзгөндөгү издери

**Алыскы бийик тоолуу Кара-Кулжа өрөөнүнөн иликтөө иштерин баштаган Ош жогорку колледжинин археологиялык этнографиялык экспедициясы өзүнүн кезектеги иликтөө иштерин Өзгөн районунун Суук-Дөбө жайлоосунда улантты. Суук-Дөбө иликтөөлөрү жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүп экспедициянын жетекчиси Т.Насыровду кепке тартканбыз:**

-Бул жайлоо Салам-Алик айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан. Деңиз деңгээлинен бийиктиги 3000 метрден ашат. Иликтөө иштеринин жыйынтыгында байыркы эстеликтер, аска таш беттерине чегерилген сүрөттөр жана сак дооруна таандык болгон 2 мүрзө табылды. Таштагы чегерилген сүрөттөр Суук-Дөбө жайлоосунун жолдорунан орун алган. Анын узундугу түндүк батыштан түштүк чыгышка карай 7 км. аралыкта топ-топ болуп жана жалгыздан жайгашкан. Жалпысынан алганда бул жерден 119 аска жана таш плиталарынын жекече саны 490 петроглиф аныкталды.

Ал эми Байчечекей дөңсөөсүнөн 133 аска жана таш плиталарынын жекече саны 389 таштагы сүрөттөр табылды. Петроглифтердин жалпы саны 879ду түздү. Аларды сюжеттик маани маңызына карап жаныбарлар, адамдар, сызыкчалар жана оюкчалар деп 4кө бөлүүгө болот. Алар мындан төрт миң жыл илгери тартылган сүрөттөр. Алардын ургулап, кесүү, чийүү ыкмалары менен аткарылгандыгы билинип турат. Тоо эчкилери, өгүздөр, ошондой эле жаныбарларды колго үйрөтүп жаткан учурлар, кош бойлуу аял, ат минип бараткан чабандестин өзүндөй болуп өчпөй турган элестери көңүлдү бурат. Андагы жылкынын келбети атактуу Давань жылкысынын сүрөттөрүнө стилистикалык жактан үндөшүп турат.

"Асман аттарын" минген чабандестин сүрөтү ушул кезге чейин бир да аныктала элек болчу. Демек, бул ташка чегилген эстеликтер тастыктап тургандай, менмин деген падышалар жетүүнү эңсеген аргымак жылкылар байыркы Өзгөн өрөөнүндө да өстүрүлгөн деп айтууга болот. Ошондой эле б.з.ч. IV-II кылымдарга таандык үч бугунун сүрөттөрү таң калтырат. Бугулардын фигуралары контурдук стилде аткарылып, мүйүздөрү бутактанып берилет. Ушул жерде, ошол таштардагы сүрөттөрдү кимдер жараткан деген суроо туулат.

Өзгөн районунда азырынча таш доорунун эстеликтери табыла элек. Этникалык тарыхы коло доорунан башталат. Жазы, Кара-Дарыя, Куршап дарыяларынын өзөндөрүндө дыйканчылык менен алектенишкен байыркы Чуст маданиятындагы уруулар отурукташкан. Ал эми тоолуу аймактарда коло кылымынан талаа уруулары – Андронов тарыхый маданий жалпылыгынын урууларынын өкүлдөрү жашашкан. Биздин заманга чейинки VII-III кылымдарда Сак уруулары жашаган. Оазистерде Эйлатон жана Шоро-Башат маданиятынын уруулары отурукташкан. X кылымда Өзгөн шаары Караханид династиясынын саясий борбору катары таанылган. II миң жылдыктан биздин замандын VII кылымына чейин бул чөлкөмдө европеиддик расанын өкүлдөрү жашап, индоирак тил группасынын чыгыш иран тил бутагында сүйлөшкөн.

***Жазып алган: А.МАТИЕВА***